ЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИИМ

БИШКЕК ШААРДЫК
СВЕРДЛОВ РАЙОНУНУН
ЧКИ ИШТЕР БАШКАРМАЛЫГЫ

МВД КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
СВЕРДЛОВСКОГО РАЙОНА
ГОРОДА БИШКЕК

Бишкек шаары, Суюмбаев коч., № 73
тел.факс: +996 (0312) 432818

город Бишкек, ул. Суюмбаева, № 73
тел. факс: +996 (0312) 432818

22/3-1822
22.04.2021

Бишкек шаарынын аймактык
шайлоо комиссиясынын төрагасы
**К.Маматовго**

## М А А Л Ы М А Т
### ЭМКЖ-02-003-2021-007361 катталган материал боюнча

2021-жылдын 11-апрель күнү саат 12:30 чамасында, Бишкек шаарынын Свердлов районунун Жакыпов көч. Жайгашкан №152 мектепке чейин билим берүү имаратындагы №1307 шайлоо участкасында, №20-МТУга караштуу №6-кварталдык аймактык төрөайымы Нина Ивановна "Тойота Ипсум" үлгүсүндөгү, ак түстөгү, мамлекеттик номери 01 KG 936 GU болгон автоунаага олтуруп алып кайсы бир партияга агитация кылып жүрөт деген маалымат текшерилди.

Аталган маалымат 11.04.2021-ж. саат 17:26 мин Бишкек шаарынын Свердлов РИИБнын ЭКЖ-02-003-2021-007361 катталды.

Текшерүү учурунда, аталган №1307 шайлоо участкасында турган милиция кызматкери М.Бортоев аталган автоунааны ошол жерден токтотуп текшерген учурда, Турсуналиев Б[redacted] К[redacted] айдап жүргөндүгүн, ал ошол жакта жашаган байкесинин үйүнө келгендигин, байкесинин үйү аталган №1307 шайлоо участкасына жакын болгондугуну, Нина Ивановна деген аялды тааныбай тургандыгын, эч кимге агитация жүргүзбөй, добуш сатып алуу деген мыйзамсыз иштерге аралашпагандыгын көрсөткөн. Милиция кызматкери М.Бортоев автоунааны визуалдык караган учурда эч кандай мыйзамга каршы келген заттар жок болгон.

Андан соң, Нина И[redacted] кызы Татьяна И[redacted] менен [redacted] сандуу номерине чалып сүйлөшкөн учурда, ал апасы Нина И[redacted] ооруп үйдө жаткандыгын, өзү апасын карап үйүндө экендигин айткан. Ошондуктан аталган маалымат такталбагандыгына байланыштуу, ЭКЖ-02-003-2021-007361 материалы № 003-2021-003515 сандуу номенкулатуралык дело болуп чечилди.

/ Начальниктин у/м аткаруучу
**милициянын полковниги** **А.Байгазиев**